5.11.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНДЕГИ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН МЕКТЕП ИЧИНДЕГИ КОНКУРСУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 3- токтому

«9» январь 2023-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору

____________ З.Э. Жээнтева

«9» январь 2023-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектебиндеги педагогикалык чеберчиликтин мектеп ичиндеги конкурсу жөнүндө**

**ЖОБО**

**1. Жалпы жобо**

1.1. Жобо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясы 2014-жылы 4-июлда (№2/3) бекиткен Республикалык «Жүрөгүм менин балдарда» конкурсу жана шаардык конкурстардын жобосунун негизинде мектеп ичинде мугалимдер арасында алдынкы иш тажрыйбаны жайылтуу максатында иштелип чыкты.

1.2. Конкурс төмөнкүдөй номинацияларда өткөрүлөт:

- «Жылдын мыкты мугалими»;
- «Мыкты жаш мугалим»;
- «Мыкты класс жетекчи»;
- «Мыкты окуу кабинети».

**2. Конкурстун негизги максаты**

- Чыгармачылык менен иштеген алдынкы педагогдорду колдоо;
- Алдынкы иш тажрыйбаны жайылтуу;
- Мугалимдердин профессионалдык потенциалын жогорулатуу;
- Мугалимдердин билим берүү ишиндеги кошкон салымын эл алдына алып чыгуу;
- Билим берүүдөгү жаны технологияларды колдоно билүүнү өнүктүрүү;
- Жаш мугалимдердин профессионалдык жогорулашына шарт түзүү

«Жылдын мыкты мугалими» конкурсунун талаптары

- Мугалимдин өзүн-өзү өркүндөтүүнүн үстүндө иштеген иштери,портфолиосу, сабакта колдонуучу усулдук материалдары ж.б.
- Бир ачык сабак (45 мүнөттүк), (Ачык сабакта мугалимдин жаңы педагогикалык технологияларды колдоно билүүсү, сабактын натыйжалуулугу, мугалимдин коммуникативдүүлүк сапаттары, календардык план менен сабактын дал келиши каралат)
- Өзүн-өзү анализдөө (10 мүнөт) (өзүнүн ишин презентациялоо )
  Мугалимдин өзүнүн сабагына берген анализи, сабагына берилген комментарийлер, суроо-жооптор.
- Мастер-класс (20 мүнөт) педагогикалык ишмердүүлүк, жаны усулдук чеберчиликти көрсөтүү.

**«Мыкты жаш мугалим» конкурсунун талаптары**

- Ачык сабак регламент 45 мүнөт;

(Ачык сабакта мугалимдин жаны педагогикалык технологияларды колдоно билүүсү, сабактын натыйжалуулугу, мугалимдин коммуникативдүүлүк сапаттары, календардык план менен сабактын дал келиши каралат);

- Анализ (өзүнүн сабагына анализ берүү 10 мүнөт)

**«Мыкты класс жетекчи» конкурсунун талаптары**

- Ачык класстык сабак
- Өзүн-өзү анализдөө
- «Мастер класс»

**Баалоо критерийлери**

- Мугалимдин предметти өздөштүрүүдөгү профессионалдуулугу;
- Сабактын темасын ачып берүүдөгү оригиналдуулук;
- Окуучулар менен өз ара байланышты туура уюштуруучулугу.